**Ибирайым кызы Айжан тарабынан жазылган “Негизги мектепте электрондук окутуунун теориясы жана технологиялары” 13.00.01. - жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы, 13.00.02 - окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (Информатика жана билим берүүнү маалыматташтыруу) адистиктери боюнча жазылган докторлук диссертациясы жөнүндө п.и.д., профессор Н.А. Асипованын корутундусу**

Ибирайым кызы Айжан тарабынан жазылган **“Негизги мектепте электрондук окутуунун теориясы жана технологиялары”** аттуу докторлук диссертация педагогика илимдери боюнча 13.00.01. - жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы; 13.00.02 - окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы адистиктөри шифрине туура келет.

**Изилдөөнүн темасынын актуалдуугу.** Изденүүчү Ибирайым кызы Айжан тарабынан жазылган диссертациялык иштин темасы актуалдуу. Анткени диссертациялык иш бүгүнкү технологиялык чакырыктарга жык толгон маалыматташуу, жасалма интеллектин отурукташуусу, санариптешүү доорунда, Кыргыз Республикасынын негизги мектептеринде электрондук окутуу (ЭО) процессии илимий-теориялык жана практикалык жактан талдоого алуу менен аталган процесстердин учурдагы абалын, ишке ашыруу жолдорун, келечектеги өнүгүү багыттарын аныктоону көздөйт. Каралып жаткан диссертациялык иштин актуалдуулугу КР негизги билим берүү мектептеринде дүйнөлүк билим берүү мейкиндигине мүноздүү болгон технологиялык транслформацияларды камтыган докторлук дегээлдеги илимий изилдөөнүн жок экендиги менен байланыштуу.

Изилдөө төрт бөлүмдөн туруп, электрондук окутуунун учурдагы абалы илимий негиздери, электрондук окутуу маселеин изилдөөнүн методологиясы жана методдору, негизги мектепте электрондук окутуунун педагогикалык шарттары жана модели, сунушталып жаткан шарттардын жана моделдин натыйжалуулугун аныктоочу эксперименталдык иштерди жана аталган багытта билим берүүнү өрүндөтүү боюнча жүргүзүлгөн педагогиккалык эксперименттердин натыйжасын камтып турат.

**Диссертациялык иштин максаты** – негизги мектептеги электрондук окутуунун илимий теориярык жана методлогиялык нагиздерин аныктоо, аны ишке ашыруун теориялык моделин иштп чыгуу жана анын натыйжалуулугун педагогикалык эсперимент аркылуу текшерүү менен практикалык сунуштарды иштеп чыгуу деп аныкталган.

Изилдөөнүнү максатына ылайык төмөнкүдөй **5 милдет коюлган:**

1. Негизги мектепте ЭО илимий-теориялык нагиздери. Учурдагы абалы жана өнүгүү келечеги тууралуу илимий изилдөөлөрдү системалаштыруу;
2. ЭО изилдөөнү методологиясын, матеариалдарын жана методдорун негиздөө.
3. Негизги мектепте ЭО теориялык жана практикалык аспектилерин камтыган крнцептуалдык негиздерин иштеп чыгуу, анын (эмненин) билим берүү процессиндеги ордун жана педагогикалык мүмкүнчүлүктөрүн илимий негиздөө;
4. Негизги мектепте ЭО педагогикалык шарттарын, теориялык моделин жана ишке ашыруу технологиясын иштеп чыгуу;
5. Негизги мектептеги ЭО теориялык моделинин эффективдүүлүгүн педагогиалык эксперименте текшерүү, натыйжалуулугун аныктоо жана практикалык сунуштарды иштеп чыгуу.

Докторлук диссертация болгондуктан иштин мазмуну карап, милдеттерди кеңейтсе болот.

Диссертациялык иште алынган натыйжалар жөнүндө сөз кылуудан мурда учурдагы талдоого алынып жаткан иштеги оңдоо, түздөтүү, тактоону талап кыла турган жагдайларга байланыштуу эскертүүлөргө токтолууга туура келет.

1. Докторлук деңгээлдеги диссертация болуу менен мамлекеттик деңгээлдеги ири проблеманы чечүү талабына жараша изилөөнүн темасында Кыргыз Ресиубликасынын негизги мектептеринде (андан ары текст боюнча кетет) деп иштин адрестүүлүгүн күчөтүү керек деп ойлойм. Мындан ишти барандуулугу жана кайсы өлкөдөгү электрондук окутуу жөнүндө сөз болуп жаткаткандыгы белгилүү болмок.

2. Диссертациялык иштин мазмунун тактоо керек, себеби карала турган маселелердин ирээти бузулуп жатат. Мисалы ЭО изилдениш деңгээли деген параграф 1.1. аталышы боюнча экинчи бапка туура келет. Ал эми текстте изилдөөнүн теориялык негиздери жөнүндө сөз болуп жатат жана ошондой болуш керек, демек параграфтын атын иштин ичине карап өзгөртүү керек.

Ошондой эле параграф 1.3. иштин логикасына жараша 2 же 3 бапта болушу керек эле, себеби ал жерде Кыргызстандын мектеп билим берүүсүндөгү ЭО проблмалары жана негизги багыттары жөнүндө сөз болуп жатат; Экинчи баптагы параграф 2.1. изилдөөнүн концептуалдык негиздери жөнүндө болгондуктан, ал 1 бапта болушу керек эле, себеби **концепция изилдөөнүн негизги ой тутумду камтуу менен изилдөөнүн предметин анда ары өркүндөтүү боюнча рефомаларды, етратегияларды, пландарды талап кылат;** концептуалдык ой кыска болуп, эмненин үстүндө иштөө керектигин билдирип туруш керек. Балким, “Электрондук окутуу - заманбап билим сапатын камсыз кылуу” деген концепцияны (ойду) коюу менен Кыргызстандын негизги мектептеринде ЭО теориясын жана технологияларын иштеп чыгуу зарылчылыгы келип чыгат жана бул ой ЭО илимий-теориялык негиздерин аныктоо жана натыйжалуу окутуу технологияларын сунуштоого түртөт.

- Моделге байланыштуу параграф 3.2 экинчи бапта болушу ыктымыл себеби, моделдештирүүнүн өзү изилдөө методу болуу менен каралып жаткан проблеманын жаңыча чечүү жолун көрсөтүүсү зарыл. Андыктан бул модель кайдан чыкты, эмне үчүн керек, башка моделдерден эмнеси менен айырмаланат деген суроолорго жооп бериши керек.

3. Изилдөөнүн проблемалуулугун чагылдырган карама-каршылыктарды күчөтүү зарыл, мисалы ЭО болгон муктаждык менен аны ишке ашыруу боюнча материалдык базасынын жетишсиздиги, кадрлардын жатишсиздиги, илимий-методикалык жаткан камсыздалбагандыгы ж.б. карама-каршылыктар ачылбагандан кийин изилдөөнүн проблемасы коюлбай калган.

4. Иштин биринчи бөлүгүндө теманын концептуалдуулугуна байланыштуу түшүнүктөргө анализ, ЭО тарыхы, дүйнөлүк децгээлдеги абалына байланыштуу материалдар орун алышы абзел. Теориялык бөлүктө 47-49 беттерде PISAга байланыштуу материалдар, баалоо ыкмалары (55-56 бб.) орун алган, эмне үчүн бул жерде экендиги түшүнүксүз.

5. 70 беттеги 2.1. сүрөт мектептеги ЭО педагогикалык концепциясы деп аталат, бирок анда концептуалдуулук көрүнбөй турат.

6. 83-85-беттердеги принциптер жалпы дидактикалык принциптер жана окутуу технологияларына тиешелүү жана алар 3 бапка таандык. Бул жерде изилдөө принциптери жөнүндө сөз болуш керек. Алар 88-бетте бир аз жүрөт.

7. 110-беттен баштап 133-бетке чейин педагогикалык шарттар менен моделде чаташуулар орун алган: параграфтын башы башка жерде жүрөт, параграф 3.2. болгону 4 бет. Педагогикалык шарттар кайдан, эмне үчүн келип чыкканы белгисиз, автор эптештирип койгондой пикир калат. Максатка ылайык сунушталып жаткан модель ЭО

мындан ары өркүндөтүүгө багытталгандыктан, ал констатациялык эксперименттен кийни келиш керек, себеби ошол констатациялык (аныктоочу) экспериментте байкалган мүчүлүштүктөрдү четтетүү максатында модель түзүлүп, ал калыптандыруучу экспериментте ишке ашырылат.

8. 137 б. Бул жерде ЭО байланыштуу тажрыйбалар келиш керек, андыктан ЭО максат милдеттери, мазмуну, жана окутуу технологиялары жөнүндөгү материалдарга басым жасоо керек.

9. 158-167 беттердеги констатациялык экспермент негизин республикадагы ЭО техникалык жаткан жабдылышын чагылдырып турат, мугалимдердин ЭО боюнча даярдык абалын, алардын муктаждыктарын чагылдырган сурамжылоо иштери көрүнбөйт.

10. 167 беттен баштап изденүүчү эксперимент башталды. Бул жердеги эң негизги нарсе изднүүчү эксперименттин функциясын аныктоодо жатат. Бул ЭО мында ары сунушталып жаткан моделге жана пед шарттарга ылайык өркүндөтүүчү (преобразующий), калпытандыруучу экспериментпи? же дагы эде изилдөөчү экспериментпи? Диссертациялык иштин тексти калыптандыруучу экспериментек жакын, бирок аталышы изденүүчү деп турат.

11. 199 бет Эксперименттин жыйынтыктары деп аталаганы менен кайрадан изденүүчү эксперименттин анализи бара жатат.Төртүнчү баптагы экспременталдык иштерди ирээтке келтирүү керек. Себеби констатациялык жана изденүүчү эксперименттерди айырмалоо жана түшүнүү кыйынчылык туудурат.

12. 208-212 бетер инфраструктура ж.б. жөнүндө матариалдарды чагылдырып турат. Жыйнтыктооучу же текшерүүчү эксперимент көрүнбйт. Модель жана педагогикалык шарттар унутта калды. Эмнелер киргизилии , алар кандай натыйжа бергендиги белгисиз калды. Бул жерде автор тарабынан сушунталып жакан концепция, иштелип чыккан педагогикалык шарттар, модель, программалар, жоболор, иштетмелердин кайсы мектертерде, качан, кимдер менен аткарылганды жөнүндө конкретүү материалдарды берип, анан алардан келип чыккан натыйжаларды, жыйыныктарды электүү, көргөзмөлүү цифралар, таблицалар, диаграммалр б.ж. түрүндө берсе болмок.

13. Изилдөөнүн жыйынтыгы узун, бирок тактык жок. Жогоруда белгиленген мүчүлүштөктдүү эске алуу менен оңдоо, түздөөлөрдөн кийин натыйжаны айрадан иштеп чыгуу керек.

**Корутунду**

Ибирайым кызы Айжан тарабынан жазылган “Негизги мектепте электрондук окутуунун теориясы жана технологиялары” 13.00.01. – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы, 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (Информатика жана билим берүүнү маалыматташтыруу) адистиктери боюнча жазылган докторлук диссертация жогоруда белгиленеген эскертүүлөрдү четтетүүнү талап кылат. Азыркы абалында аладын ала коргоо сунуштоого болбойт.

**Эксперт:**
**п.и.д., Ж. Баласагын атындагы КУУнун**
**жогорку мектептин педагогикасы кафедрасынын**
**профессору** **Асипова Н.А.**

**Кол тамгасын тастыктайм:**
**Ж. Баласагын атындагы КУУнун кадрлар**
**башкармалыгынын башчысы** **Жайнакова А.А.**

Эксперт Н.А. Асипованын кол тамгасын тастыктайм.
Дис кеңештин окум. катчысы Бөлкапарова А.О. 27-12...